М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин педагогикалык кенешмесинде кабыл алынды

№ 1/2 “ 5 ” сентябрь 2022-ж.

М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин директору

________ М.Бакирова

№ 1/2 “5” сентябрь 2022-ж.

## М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин ишеним почтасы жөнүндө жобосу

### 1. Жалпы жоболор

1.1 Окуучулардын укугун коргоо, психикалык-педагогикалык колдоо көрсөтүү максатында, "Балдардын укугун коргоо конвенциясынын " негизинде мектепте ишеним почтасы уюшулган.

1.2 "Ишеним почтасы" окуучулардын сабак убагындагы, мектептен сырткаркы убактагы коопсуздугун камсыздайт. Бул окуучуларды кызыктырган суроолорго ишенимдүү түрдө жооп алууга шарт түзүп берүүчү иш-аракеттердин топтому.

### 2.Ишеним почтасынын максаттары:

2.1 Окуучулардын билдирүүлөрүн, каалоо-тилектерин, өтүнүчтөрүн, сунуштарын анонимдүү кабыл алуу жана анализ жүргүзүү.

2.2. Тигил же бул себептерден улам ачыкка чыкпай турган маалыматтарды изилдеп, колдоо көрсөтүү.

2.3. Окуучулардын мектеп администрациясы, мугалимдер ортосундагы тоскоолдуктарга бөгөт коюу менен окуучуларга психикалык-педагогикалык жардам көрсөтүү.

### 3. Материалдык техникалык камсыздоо:

Ишеним почтасы максаттуу, эффективдүү иштөөсү үчүн төмөндөгү шарттар аткарылат:

3.1. Материалдык-техникалык каражаттар:

- каттар үчүн кутуча;
- маалыматтарды көрсөтүүчү такта.

3.2. Ишеним почтасы коридордо орнотулган.

### 4. Ишеним почтасынын иштөө эрежелери:

4.1. Окуучулар кайрылууларды кутучага салышат (классын. фамилия, атын жазуунун кажети жок) анонимдүүлүк сакталат;

4.2. Кайрылууну жазган күнүн, айын жазуусу керек;

4.3. Ишеним почтасына түшкөн каттарды каттоо үчүн атайын дептер-журнал ачылат. Ар бир түшкөн кат катталат. Эгер жүйөөлүү сунуш-пикирлер болсо директор алдындагы кеңешмеде же болбосо педагогикалык кеңешмеде каралат. Ал эми кайсы бир окуучулардын сунушуна жалпы жооп бериш керек болсо бадар жана кыздар кеңешинде же жалпы жыйналышта жооп берилет;

4.4. Мектептин тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, соцпедагог жана мектеп парламентинин мүчөлөрү менен бирдикте белгиленген убакта (бир айда бир жолу) кутучаны ачып, каттар менен таанышып, анализдеп, жоопторду даярдашат.